| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ** | **ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК

9 апрель 2025ж. № 72 Бишкек шаары

**“Бишкек жылуулук тармагы” муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлүүчү турак жай фондунун көп батирлүү үйлөрүндөгү батир ээлеринин жалпы үлүштүк менчигинде турган үй ичиндеги жылытуу жана ысык суу менен камсыз кылуу тутумдарын техникалык тейлөөгө кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын бекитүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасындагы Мыйзамына, Кыргыз Республикасын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген чарба жүргүзүүчү субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызматтарына) бааларды (тарифтерди) аныктоо тартиби жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1.“Бишкек жылуулук тармагы” муниципалдык ишканасы тарабынан 2025-жылдын 1-майынан тартып көрсөтүлүүчү турак жай фондунун көп батирлүү үйлөрүндөгү батир ээлеринин жалпы үлүштүк менчигинде турган үй ичиндеги жылытуу жана ысык суу менен камсыз кылуу тутумдарын техникалык тейлөөгө кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы төмөндөгүдөй өлчөмдөрдө бекитилсин (салыктар эсепке алынбастан):

- үй ичиндеги жылытуу тутумдарын техникалык тейлөөгө - батирдин же жайдын жалпы аянтына айына 1,32 сом/м²;
- үй ичиндеги ысык суу менен камсыз кылуу тутумдарын техникалык тейлөөгө – батирдин же жайдын жалпы аянтына айына 0,66 сом/м².

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 1-апрелиндеги № 48 “Үй ичиндеги системаларды техникалык тейлөөгө тарифтерди белгилөө жөнүндө” буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке үй ичиндеги жылытуу жана ысык суу менен жабдуу тутумдарын техникалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын бекитүү үчүн берилген маалыматтардын

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик "Бишкек жылуулук тармагы" муниципалдык ишкананын директоруна жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту "Бишкек жылуулук тармагы" муниципалдык ишканасынын дарегине жөнөтсүн.

5. Маалымат катчы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г. И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**